**2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы Чүй областынын Чүй районунун жергиликтүү бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына, республикалык бюджеттеги айрым мекемелердин бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттердин жыйынтыктары жөнүндө**

# Отчет

**Аудит объекттери:** Чүй райондук мамлекеттик администрациясы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Чүй финансы башкармалыгы, Чүй районунун Өнүктүрүү фонду жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары.

**Жооптуу тараптардын милдеттери**

Аудит объекттеринин жалпы милдеттерине мыйзамдарда белгиленген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу, ошондой эле, ушул аудиттин предметине болгон жоопкерчилик кирет.

**Аудит тобунун милдети**

Биздин милдет, биз жүргүзгөн аудиттин негизинде шайкештик аудит предмети аудиттин тиешелүү критерийлерибоюнча өз алдынча корутундуларга келүүдө турат. Аудит өзүнө, биздин корутундуну тастыктаган жетишээрлик, талаптагыдай далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор алдамчылыктын же катачылыктын негизинде жол берилген олуттуу шайкештик эместиктин тобокелдигин баалоону камтыган, аудитордун кесиптик пикирине жараша болот. Биз аткарган аудиттин жол-жоболору, ушул жагдайларга туура келет деп эсептейбиз. Чогултулган аудитордук далилдер, ушул отчетто жазылган корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн, жетиштүү жана талаптагыдай болуп эсептелет деп болжолдойбуз.

**Предмети**

Аудиттин предмети болуп, жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу процесстеринин, ошондой эле, республикалык бюджеттеги мекемелердин жана муниципалдык ишканалардын мамлекеттик каражаттарды жана мүлктү пайдалануунун Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын талаптарына шайкештиги эсептелет.

Аудиттин жалпы көлөмүнө киргизилген конкреттүү иш-чаралар:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдык, ченемдик жана укуктук актыларын изилдөө;
- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттеринин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктарынын аткарылышын талдоо;
- бюджеттик процесстин мыйзам-ченемдерге шайкештигине аудит;
- бюджеттин киреше бөлүгүнүн түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит;
- бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит;
- бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметасынын түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит (республикалык бюджеттеги мекемелер үчүн гана);
- кассалык жана банктык операцияларга аудит;
- эмгек акыга каражаттардын пайдаланылышына аудит;
- бюджет жана Социалдык фонд менен эсептешүүлөрдүн абалына аудит;
- командировка чыгымдарына жана эсеп берме жактар менен эсептешүүгө аудит;
- транспорт каражаттарын күтүүгө, КММ чыгымдарына ченемдердин сакталышына, запастык бөлүктөрдү эсептен чыгаруунун негиздүүлүгүнө ж.б. аудит;
- коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө жана байланыш кызматтарына ченемдердин сакталышына аудит;

- курулуш-куроо иштерине, капиталдык жана учурдагы оңдоо иштерине каражаттарды пайдаланууга аудит;
- ижара мамилелерине аудит;
- дебитордук жана кредитордук карыздарга аудит;
- мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүгө аудит;
- негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын, так отчеттуулуктагы бланктардын сакталышына аудит;
- бухгалтердик эсептин жана финансылык отчеттуулуктун абалына аудит;
- аудиттин жыйынтыктарын тариздөө.

**Аудиттин критерийлери**

Жергиликтүү бюджеттердин түзүлүшүнүн жана аткарылышынын, ошондой эле, республикалык бюджеттеги мекемелер жана муниципалдык ишканалар үчүн мамлекеттик каражаттарды жана мүлктү пайдалануунун мыйзамдарга шайкештигин баалаган критерийлер:

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;
- Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 5-августундагы № 451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-мартындагы № 131 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишин баалоо жана эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө" токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 30-декабрындагы № 767 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортту азайтуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө" токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 22-майындагы № 278 токтому менен бекитилген Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө нускама;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы № 243 токтому менен бекитилген Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө типтүү жобо;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускама;
- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигининин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда

бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобо жана башка ЧУА;

- ички ченемдик документтер ж.б.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттарын аныктоо**

Аудиттер шайкештик аудит үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, атап айтканда, ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы каралган), ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы № 01-26/56 токтому менен бекитилген Шайкештик аудитинин колдонмосуна жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2016-жылдын 20-декабрындагы №03-7/155 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жана анын аймактык бөлүнүштөрү тарабынан жергиликтүү бюджеттерге аудит жүргүзүү боюнча көрсөтмөсүнө ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкештиги**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык нормаларды сактоону, ошондой эле, аудиттин предмети анын бардык маанилүү аспекттеринде мыйзамдык жана жөнгө салуучу нормаларга ылайык келе тургандыгына негиздүү ишеним алуу үчүн, аудитти пландаштыруу жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштин кыскача мүнөздөмөсү**

Аудиттерди жүргүзүүнүн негизи болуп, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2022-жылга аудитордук иш планы, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн буйруктары саналат.

Аудиттер Чүй райондук мамлекеттик администрациясында, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Чүй финансы башкармалыгында, Чүй районунун Өнүктүрүү фондунда, Чүй районунун **10** өз алдынча башкаруу органдарында жүргүзүлгөн.

Аудиттер Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн бекитилген программасына ылайык, аудит объекттеринин кызмат адамдары тарабынан берилген документтердин, материалдардын, маалыматтардын негизинде жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, аудитке берилген бухгалтердик документтердин толуктугу жана аныктыгы үчүн документтерди берген кызмат адамдары жоопкерчиликти тартат.

Чүй областынын Чүй районунда жүргүзүлгөн аудиттерде **17 199,9 миң сом** финансылык бузуулар аныкталган, анын ичинен:

Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумундагы бюджет долбоорлорун түзүүдөгү жана кароодогу бузуулар – **4 282,6** миң сом, анын ичинен:

Бюджеттин долбоору менен бир эле убакта түзүлүүчү бюджеттин долбоорун жана документтерди түзүүдөгү бузуулар - **4 282,6** миң сом, анын ичинде:

**11010510** Бюджеттик мыйзамдын талаптарына бюджет долбоорунун киреше бөлүгүнүн туура келбеши – 4 282,6 миң сом.

Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумундагы бюджеттердеги каражаттарды алууда жана бюджеттерден каражаттарды кайтаруудагы бузуулар жана кемчиликтер – **12 289,8** миң сом, анын ичинде:

Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумундагы тиешелүү бюджеттерге бюджеттерине которулбаган каражаттар – **136,0** миң сом:

**21030110** Бюджетке мамлекеттик (муниципалдык) мүлктү тескөөдөн, мамлекеттик (муниципалдык) мүлктү пайдалануудан алынган каражаттарды, ошондой эле акы төлөнүүчү

мамлекеттик (муниципалдык) кызмат көрсөтүүлөрдөн алынган кирешелерди которбоо (өз убагында же толук эмес которуу) – 29,0 миң сом;

**21030210** Бюджеттин кирешесине мажбурлап өндүрүлүүчү суммалардын (айып пулдары, конфискацияларды ж. б.), ошондой эле тиешелүү бюджеттин кирешесине каражаттарды калыбына келтирүүдөн (ордун толтуруудан) алынган суммаларды которбоо (өз убагында эмес же толук эмес которуу) – 107,0 миң сом;

Капиталдык салымдарга жана курулуш иштерин аткарууга бюдежттик каражаттарды пайдалануудагы бузуулар - **2 096,2** миң сом, анын ичинде:

**23020701** Капиталдык салымдарга каражаттарды пайдаланууда жана курулуш иштерин аткаруудагы жана башка бузуулар – 2 096,2 миң сом.

Милдеттенмелерди кабыл алуу жана тастыктоо жана бекитилген көрсөткүчтөрдөн ашыкча чыгымдоо (ченемден ашык жана тастыкталбаган чыгымдар) – **5 953,5** миң сом, анын ичинде:

**23030310** Кызматкерлердин эмгегине төлөө жана акчалай түрдөгү жана башка төлөмдөр боюнча ченемден ашык чыгымдар – 1 009,4 миң сом;

**23030510** ТМБ жана башка чыгымдар боюнча ченемден ашык чыгымдар - 115,6 миң сом;

**23030610** ТМБ нормативден ашыкча запастары жана эсептөөлөрдөгү каражаттар – 4 828,5 миң сом.

Каражаттарды чыгымдоодо алуучулардын жана башка бузуулары - **3 918,8** миң сом, анын ичинен:

**230701** Бухгалтердик эсепти жүргүзүү тартибин бузуу менен, отчет берүүгө авансаларды берүү – 11,3 миң сом;

**230704** Ашыкча төлөө жана белгиленбеген төлөмдөр – 3 907,5 миң сом.

Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун бюджеттерин аткаруудагы башка бузуулар жана кемчиликтер – **185,3** миң сом, анын ичинен:

**24010110** Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун бюджеттерин аткаруудагы башка бузуулар жана кемчиликтер - 185,3 миң сом;

Мамлекеттик (муниципалдык) мүлктү пайдалануудагы бузуулар жана кемчиликтер – **123,0** миң сом, анын ичинен:

**310203** Мамлекеттик (муниципалдык) мүлктү пайдалангандыгы үчүн ижара акысынын өлчөмүн азайтуу – 123,0 миң сом.

Мыйзам менен белгиленген мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүү жол-жобосун жана талаптарын бузуулар – **504,5** миң сом, анын ичинен:

**510113** Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү жана башка бузуулар – 504,5 миң сом.

**Мурдагы аудиттин сунуштамаларынын аткарылышы**

2021-жылдын 1-январынан тартып 2021-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы Чүй районунун жергиликтүү бюджеттеринин түзүлүшү жана аткарылышы, айрым мекемелердин бюджеттик, атайын жана башка каражаттарын пайдалануунун мурдагы аудиттеринде аныкталган:

- финансылык бузуулар – **3 791,3 миң сом**.
- бюджеттин резервдери жана жоготуулары **-1 687,1 миң сом**.
- каражаттарды рационалдуу эмес пайдалануу- **282,1 миң сом.**

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары Чүй райондук мамлекеттик администрациясынын отурумунда каралган.

Калыбына келтирүүгө тийиш болгон 2 247,8 миң сом суммасындагы финансылык бузуулардын 1 008,7 миң сому калыбына келтирилген. Кош-Коргон айыл өкмөтү тарабынан калыбына келтирилбеген **1 239,1** миң сом калган (курулуш-монтаждоо иштеринин көлөмдөрүн жогорулатылышы).

**2022-жылга Чүй районунун социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү:**

2022-жылы райондун ишканалары тарабынан 1 млрд.163 млн. сом суммасында продукция өндүрүлгөн, 2021-жылга салыштырмалуу 131%, физикалык көлөмдүн индекси (ФКИ) 105,8% түзгөн. 2022-жылдын 12-айында өндүрүштүн көлөмүн көбөйткөн негизги ишканалар: "Текстиль транс" ЖЧКсы – 128,7%; "«Kg Chiken» " ААК – 104,1%; "Цинь Хуа" ЖЧКсы – 158,8%.

2022-жылдын жыйынтыгы боюнча Чүй районун өнүктүрүү программасынын алкагында 81 долбоор каралып, анын ичинен 71 долбоор ишке ашырылган. Жалпы сумма 1 398 835,9 миң сомду түзгөн (айыл чарбасына 51 993,8 миң сом, таза сууга 44 042,7 миң сом, социалдык объекттерге 240 407,4 миң сом, дем берүүчү гранттардын жана фонддордун эсебинен 38 102,4 миң сом, райондун инфраструктурасын жакшыртуу 63 624,8 миң сом, өнөр жай сектору 960 664,7 миң сом), райондун жашоочулары үчүн 212 жумуш орундары түзүлгөн.

2022-жылы Чүй районунун экономикасын жана социалдык чөйрөсүн өнүктүрүүгө 326 570,9 миң сом өлчөмүндө капиталдык салым жумшалып, 2021-жылга салыштырмалуу 112,6 пайызга көбөйгөн. Капиталдык салымдардын негизги булагы болуп мамлекеттик каражаттар эсептелет, алардын үлүшүнө 181 900,0 миң сом туура келген, же жалпы көлөмдөн 55,7%; республикалык бюджеттен 67 200,0 миң сом, же 20,6%; жергиликтүү бюджеттен 21 900,0 миң сом, же 6,7%; ишканалардын каражаттарынан 55 800,0 миң сом, же 17,1%.

2022-жылы Чүй району боюнча автомобиль транспорту менен жүк ташуу 456,0 миң тоннаны же, 2021-жылга салыштырмалуу 100,6% түзгөн. Жүк ташуу 16 083,3 миң тонна-км түзгөн, бул өткөн жылга салыштырмалуу 100,8% түзгөн. 2022-жылы 3 851,9 миң жүргүнчү жөнөтүлгөн, бул 2021-жылга салыштырмалуу 110,1% түзгөн. Автомобиль транспорту менен жүргүнчүлөрдү ташуу 35 207,4 миң жүргүнчү-километрди, же өткөн жылга салыштырмалуу 104,3% пайызды түзгөн.

28 784,0 га жалпы аянт айдоо жердин 12 345,0 га көп жылдык чөп, 446 га күздүк буудай, 64 га күздүк арпа себилген.

Мал чарба азыктары боюнча: эт 6 691,2 центнер, же өткөн жылдын деңгээлине карата 102,9%; сүт 41 494,7 центнер, же 104,1%; жумуртка 8 753,4 миң даана, же 135,5%; жүн 161,3 центнер, же 103,0% өндүрүлгөн.

Чүй районунда 2022-жылга карата жалпы мамлекеттик жөлөкпулдарды алуучулардын саны 1398 адамды түзгөн, алардын ичинен өзгөчө муктаж болгон үй-бүлөлөргө берилүүчү "Үй-бүлөгө көмөк көрсөтүү" жөлөкпулун алуучулар 116 адамды түзгөн.

**2022-жылга жергиликтүү бюджеттин аткарылышы.**

Чүй районунун жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүнүн 2022 – жылга планы атайын эсептин каражаттарын жана республикалык бюджеттен расмий трансферттерди эске алуу менен 104,8% аткарылган-план 175 494,1 миң сом болсо, иш жүзүндө 183 908,4 миң сом чогултулган, бул пландалгандан 8 414,3 миң сомго көп.

2022 – жылга жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн планы республикалык бюджеттен алынган атайын эсептин каражаттарын жана расмий трансферттерди эсепке албаганда 113,0% аткарылган, - такталган план 109 825,3 миң сомду түзгөн, иш жүзүндө 124 113,1 миң сомго аткарылган, бул пландалгандан 14 287,8 миң сомго көп. Өткөн жылга салыштырмалуу келип түшүүлөр 98 642,5 миң сомду түзсө, жергиликтүү бюджеттин кирешеси 25 470,6 миң сомго көп жыйналган.

Чүй районунун айыл өкмөтүнө республикалык бюджеттен бөлүнгөн трансферттердин суммасы 2022-жылы 48 291,1 миң сомду түзгөн, бул өткөн жылга салыштырмалуу 18 933,7 миң сомго көп (2021-жылы 29 357,4 миң сом алынган).

2022-жылдын 31-декабрына карата республикалык бюджеттен алынган атайын эсептин каражаттарын жана расмий трансферттерди эсепке албаганда бюджеттик каражаттардын калдыгы 33 268,6 миң сомду түзгөн.

**Корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыгында, Чүй районунун жергиликтүү өз алдынча органдарынын иштери, төмөндөгү жагдайлардан тышкары, бардык олуттуу аспекттерде мыйзамдардын талаптарына шайкеш келгендиги аныкталды.

**Чүй райондук мамлекеттик администрациясы**

2022 – жылга чыгымдар сметасы 20 940,7 миң сомго бекитилип, 25 380,5 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 23 846,6 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 23 890,3 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамын “сатып алуучу уюмдун/Агенттин жетекчиси сатып алуулар жөнүндө контрактты башкаруу үчүн бөлүмдү/адамды түзөт же дайындайт”, деп белгиленген 9-беренесинин 6-бөлүгүнүн 21-пунктун бузуу менен (пункт Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 25-июлундагы №147 Мыйзамы менен күчүн жоготкон), мамлекеттик администрацияда контрактты башкаруу үчүн жоопту адам дайындалган эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, сатып алуу жол-жоболорун өткөрүүнү уюштуруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын талаптары так сакталсын.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Автотранспорт каражаттарынын жол баракчаларында алардын бузулгандыгына байланыштуу, спидометрдин көрсөткүчтөрү көрсөтүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Автомашиналардын спидометрлери оң абалга келтирилсин, андан кийин жол барактарынын тиешелүү реквизиттеринде спидометрдин көрсөткүчтөрү көрсөтүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Байбосунов С.

**Чүй районунун Өнүктүрүү фонду**

2022 – жылга чыгымдар сметасы 30 381,0 миң сомго бекитилген, жыл ичинде 33 091,7 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 27 037,5 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 26 828,1 миң сомду түзгөн.

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 14-октябрындагы №220 токтому менен бекитилген Региондорду өнүктүрүү фонддору тууралуу типтүү жобонун, расмий басылмаларда Фонддун каражаттарын пайдалануу жөнүндө маалыматтарды жарыялоо, фонд тарабынан бөлүнгөн каражаттарга жана долбоорлорго мониторинг жүргүзүү, отчетторду алуу жана долбоорлордун натыйжаларын контролдоо бөлүктөрү толук аткарылган эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 14-октябрындагы №220 токтому менен бекитилген Региондорду өнүктүрүү фонддору тууралуу типтүү жобонун талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Чымылдаков К.

**Ак-Бешим айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү, активдер жана милдеттенмелер менен 11 535,1 миң сомго бекитилген, такталган план 14 689,9 миң сом, иш жүзүндө 15 148,6 миң сом киреше түшкөн, же план 103,4% аткарылган, киреше 650,7 миң сомго көп түшкөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 10 513,1 миң сомго бекитилген жана 15 109,3 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 12 951,8 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 10 063,0 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, бош кызмат ордуна кызматкер (жер адиси) кабыл алынган, ага аудит мезгилинде **247,9** миң сом суммасында эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде 34,4 миң сом Социалдык фондго төлөмдөр.

**Сунуштама:**

Мындан ары, кызматкерлерди жумушка кабыл ааурда, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренеси так жетекчиликке алынсын.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы бузуу менен, 2022-жылдын аягына **927,9** миң сомго отундун нормативден ашыкча запастары эсептелген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманын талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Мадакеев Т.

**Бурана айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү тактоолор жана толуктоолор менен 19 027,5 миң сом суммасында бекитилген, иш жүзүндө 20 014,7 миң сом түшкөн, же план 105,0% аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 14 531,2 миң сом суммасында бекитилип, 23 103,2 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 19 598,8 миң сомго жүргүзүлгөн, иш жүзүндөгү чыгашалар 13 020,8 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин “бюджет жөнүндө ченемдик укуктук актыга бюджеттик жылдын ичинде экиден ашык эмес өзгөртүүлөр киргизилиши мүмкүн: биринчиси - учурдагы бюджеттик жылдын 1-июнуна чейин, экинчиси - 1-ноябрына чейин”, деп белгиленген 115-беренесинин 4-бөлүгүнүн талаптарын бузуу менен, жергиликтүү бюджетке Бурана айылдык кеңешинин 2022-жылдын 29-декабрындагы №55 токтому менен өзгөртүүлөр киргизилген, же 2022-жылдын 1-ноябрынан кийин.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджетти бекитүүдө, өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренсинде белгиленген мөөнөттөр так сакталсын.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылга АЧЖМФ жерлеринин ижара келишимдери 6 835,5 миң сомго түзүлгөн, ижара акысы боюнча дебитордук карыз 2 150,1 миң сомду түзгөн. Мында, АЧЖМФ жерлерин ижарага берүүдөн түшүүлөрдүн такталган пландык көрсөткүчү 2022-жылга 6 687,5 миң сом өлчөмүндө кабыл алынган, же бюджеттин киреше бөлүгү **2 298,1** миң сомго төмөндөтүлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, кирешелердин болгон булактарын толук эсепке алынбагандыктын натыйжасында түшүүлөрдүн пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы №451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтомун бузуу менен, 2022-жылга штаттык ырааттамада, Бурана айылдык кеңешинин токтомунун негизинде, юристтин штаттык бирдиги киргизилген, ага аудит мезгилинде **281,4** миң сом эмгек акы эсептелген, анын ичинде 41,4 миң сом социалдык төлөмдөр.

**Сунуштама:**

Штаттык ырааттама Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы №451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтомуна шайкеш келтирилсин.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бузуу менен, каражаттарды чыгымдоо боюнча тастыктоочу бухгалтердик документтерсиз **11,3** миң сом төмөнкү адамдардан негизсиз эмептен чыгарылган:

- «Келечек» балдар бакчасынын директору Ж.Сейдакматова – 3,2 миң сом;
- Бурана айыл өкмөтүнүн чарба башчысы М. Джумагазиева – 1,3 миң сом;
- Э.Аргынбаев – 6,8 миң сом.

**Сунуштама:**

Тастыктоочу документтери жок, негизсиз эсептен чыгарылган 11,3 миң сом суммасындагы акча каражаттарын күнөөлүү адамдардын эсебинен калыбына келтирилсин:

- «Келечек» балдар бакчасынын директору Ж.Сейдакматова – 3,2 миң сом;
- Бурана айыл өкмөтүнүн чарба башчысы М. Джумагазиева – 1,3 миң сом;
- Э.Аргынбаев – 6,8 миң сом.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте, подрядчы "Восток Энерго Строй" ЖЧКсы тарабынан "Бурана айыл өкмөтүнүн аймагындагы Р-9 ЧЧК каналынын капиталдык ремонту" объектиси боюнча иштердин наркы **900,1** миң сомго жогорулатылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

Бурана айыл өкмөтүнүн аймагындагы Р-9 ЧЧК каналынын капиталдык ремонту" объектиси боюнча 900,1 миң сомго иштердин жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Ижарачы Изагалиев И., 2016– жылдын 1- апрелиндеги №414 келишим боюнча 15 га жерди айына 4,1 миң сомго ижарага алган (ижара баасы-3,6 миң сом, салык жана социалдык төлөмдөр-536 сом), бирок, контролдук өлчөөнүн жыйынтыгы боюнча белгилүү болгондой, иш жүзүндө ижарачы аянты 21 га жерди иштетип, ашыкча 6 га үчүн ижара акысын төлөгөн эмес. Ошентип, Бурана айыл өкмөтүнүн бюджетинин жоготуулары эсеп боюнча **123,0** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Бурана айыл аймагынын жерлеринин аянты такталгандан кийин, Чүй районунун жер фондун инвентаризациялоо боюнча иш-чаралар аяктагандан кийин, ижара келишимдери бөлүнгөн участоктордун иш жүзүндөгү аянтына ылайык келтирилсин.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Сакиев М. жана Кубанычбеков Д.

**Ибраимов айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгүактивдер, милдеттенмелер жана трансферттерди кошкондо, жалпы суммасы 8 046,3 миң сомго бекитилген, 12 952,1 миң сом суммасында такталып, иш жүзүндө аткарылышы 12 655,4 миң сомго аткарылган, же план 97,7% аткарылган, пландалгандан 296,7 миң сомго аз түшкөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 6 594,3 миң сомго бекитилген, 12 281,1 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 12 038,9 миң сом суммасында, иш жүзүндөгү чыгымдар 10 956,7 миң сом суммасында жүргүзүлгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 29-сентябрындагы № 626 «Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө» токтомунун 3-пунктуна ылайык, «ишканаларга, уюмдарга жана мекемелерге (бюджеттик мекемелерден тышкары) өткөрүлүп берүүчү депозиттик суммалар, үч жыл бою сакталат". Бул жобонун 4-пунктунда "ушул жобонун 3-пунктунда белгиленгендер аяктагандан кийин депозиттик эсептин талап кылынбаган каражаттары мамлекеттик/муниципалдык мекеменин буйругу боюнча бул суммалар сакталган депозиттик эсептеги тийиштүү бюджет кирешесине которулууга тийиш", деп белгиленген. Аудитте, депозиттик эсепте 3 жылдан ашык сакталган **20,6** миң сом бар экендиги аныкталган.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 29-сентябрындагы № 626 «Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө» токтомунун 4-пунктуна ылайык, 2019-жылдын 1-январына карата талап кылынбаган 20,6 миң сом тиешелүү бюджетке которулсун.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, бош кызмат орундарына кадрлардын резервинде турбаган кызматкерлер кабыл алынган, аларга **581,1** миң сом эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго чегерүүлөр 85,5 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, кызматкерлерди жумушка алууда, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренеси жетекчиликке алынсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте подрядчы "Энергопромстрой" ЖЧКсы тарабынан "Айыл өкмөтүнүн имаратынын жылытуу казанын алмаштыруу" объектиси боюнча иштердин наркнын **7,5** миң сомго жогорулатылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган "Айыл өкмөтүнүн имаратынын жылытуу казанын алмаштыруу" объектиси боюнча подрядчы "Энергопромстрой" ЖЧКсы тарабынан 7,5 миң сомго жумуштардын жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы бузуу менен, 2022-жылдын аягына **603,5** миң сомго көмүрдүн нормативден ашыкча запастары эсептелген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманын талаптары так сакталсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 3-апрелиндеги №72 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамын 10-беренесин бузуу менен, мамлекеттик сатып алууларды ишке ашыруунун тиешелүү жол-жоболору сакталбастан, **168,0** миң сомго сатып алуулар жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, сатып алуу жол-жоболорун өткөрүүнү уюштуруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Чымылдаков К. жана Кубанычбеков Д.

**Искра айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджетинин киреше бөлүгү 10 134,6 миң сомго бекитилген жана 15 955,6 миң сомго такталган, иш жүзүндө түшүүлөр 13 056,2 миң сомду түзгөн. Жылдын башына карата акча калдыктарынын калдыгы 2 322,2 миң сомду түзгөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 10 134,6 миң сомго бекитилген, такталган план 16 862,1 миң сом, кассалык чыгаша 14 096,3 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 10 190,6 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, бош кызмат орундарына кадрлардын резервинде турбаган 2 кызматкер кабыл алынган, аларга **347,5** миң сом суммасында эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго төлөмдөр 51,1 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, кызматкерлерди жумушка алууда, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренеси жетекчиликке алынсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте, иштердин көлөмүнүн жогорулатылгандыгы аныкталган:

- "Жаңы-Турмуш айылындагы клубдун имаратын капиталдык оңдоо" объектиси боюнча подрядчы "Аман Строй" ЖЧКсы тарабынан **152,9** миң сомго;
- "Искра айыл өкмөтүнүн аймагынын тосмосун капиталдык оңдоо" объектиси боюнча подрядчы "Аман Строй" ЖЧКсы тарабынан **170,5** миң сомго;
- "Искра айыл өкмөтүнүн административдик имаратын утурумдук оңдоо жана көрктөндүрүү" объектиси боюнча подрядчы "Тезстрой" ЖЧКсы тарабынан **34,1** миң сомго.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган иштердин жогорулатылган көлөмүн бюджетке калыбына келтирүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн:

- "Жаңы-Турмуш айылындагы клубдун имаратын капиталдык оңдоо" объектиси боюнча подрядчы "Аман Строй" ЖЧКсы тарабынан 152,9 миң сомго;
- "Искра айыл өкмөтүнүн аймагынын тосмосун капиталдык оңдоо" объектиси боюнча подрядчы "Аман Строй" ЖЧКсы тарабынан 170,5 миң сомго;
- "Искра айыл өкмөтүнүн административдик имаратын утурумдук оңдоо жана көрктөндүрүү" объектиси боюнча подрядчы "Тезстрой" ЖЧКсы тарабынан 34,1 миң сомго.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылы Искра айыл өкмөтүнүн расчеттук эсебине "Искра Азия" ЖЧК канаттуулар фермасынан 89,4 миң сом киреше салыгы түшкөн. Ошону менен бирге, аудитте айыл өкмөтүндө Канаттуулар фермасынын кызматкерлеринин саны жөнүндө маалымат жок экендигин аныкталган.

Мындан тышкары, Искра айыл өкмөтүнүн расчеттук эсебине 2022-жылы банктын көчүрмөсүнө ылайык, төмөндө көрсөтүлгөн ЖЧКлардан 422,5 миң сом акча каражаты келип түшкөн, анын ичинде: "Иссай" – 860 сом, "Канмэй" – 2 386 сом, "Шен Жу" – 860 сом, "Фужиньбао" – 860 сом, "Дунхан" – 860 сом, "Хунпу" – 860 сом, "КА Эссекибо" - 320,0 миң сом, "Цзин Хуа" – 52,6 миң сом, "Борбордук Азия" - 39,0 миң сом, "Кабылан Кей Джи" - 4,2 миң сом.

Аудит айыл өкмөтүндө көрсөтүлгөн суммалардын толуктугу жана тууралыгы жөнүндө маалымат жок экендигин белгилейт. Башкача айтканда, жергиликтүү салык инспекциясы менен айыл өкмөтүнүн ортосунда салык төлөөчүлөрдүн объектилери жөнүндө маалыматтар жок. Ошондой эле, жогоруда аталган ЖЧКлар киреше салыгынан тышкары айыл өкмөтүнө бир дагы салык төлөбөгөндүгүн белгилей кетүү зарыл.

**Сунуштама:**

Бюджеттин киреше бөлүгүн жогорулатуу максатында, жергиликтүү бюджетке киреше салыгын төлөөчү ишканалар (жайгашкан жери, иш чөйрөсү, жумуш орундарынын саны ж. б.) жөнүндө тиешелүү маалыматтар алынсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Туйтенов Н. жана Кубанычбеков Д.

**Кегети айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү активдер жана милдеттенмелер менен 9 145,8 миң сом өлчөмүндө бекитилген, 14 045,4 миң сомго такталган, иш жүзүндө түшүүлөр 14 915,2 миң сомду түзгөн, план 106,2% аткарылган, же кирешелер пландалгандан 650,7 миң сомго көп тушкөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 9 682,8 миң сом өлчөмүндө бекитилип, 13 827,8 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 13 743,2 миң сомду түзгөн, иш жүзүндөгү чыгаша 12 457,6 миң сомго аткарылган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, бош кызмат орундарына кадрлардын резервинде турбаган 2 кызматкер кабыл алынган, аларга **485,1** миң сом суммасында эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго төлөмдөр 56,5 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, кызматкерлерди жумушка алууда, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренеси жетекчиликке алынсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы бузуу менен, 2022-жылдын аягына **517,7** миң сомго отундун нормативден ашыкча запастары эсептелген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык

баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманын талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Мадакеев Т.

**Кош-Коргон айыл өкмөтү**

2022-жылга жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү 3 718,1 миң сомго бекитилген, 6 089,3 миң сомго такталган, иш жүзүндөгү кирешелер 6 187,5 миң сомду түзгөн, же такталган план-болжолго салыштырмалуу 101,6% аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 3 718,1 миң сом суммасында бекитилип, 6 142,6 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 5 766,7 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 5 766,7 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктун, бузуу менен Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругу толук көлөмдө аткарылган эмес. Атап айтканда, 1 239,1 миң сом калыбына келтирилген эмес (курулуш-монтаждоо иштеринин көлөмүнүн жогорулатылышы).

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругун аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын. Аймактык бөлүм тарабынан Кош-Коргон айыл өкмөтүнүн калыбына келтирилбеген 1 239,1 миң сом боюнча материалдары Чүй областынын прокуратурасына жиберилгендиги белгиленсин (2023-жылдын 24-майындагы №01-9/145 каты). Мындан ары, жазма буйруктарды милдеттүү түрдө аткаруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын так аткарылышы камсыз кылынсын. 1 239,1 миң сомду калыбына келтирүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн (курулуш-монтаждоо иштеринин көлөмүнүн жогорулатылышы).

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, бош кызмат орундарына кадрлардын резервинде турбаган 2 кызматкер кабыл алынган, аларга **862,5** миң сом суммасында эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго төлөмдөр 126,9 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, кызматкерлерди жумушка алууда, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренеси жетекчиликке алынсын.

3. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте, подрядчы "Максат Инжиниринг" ЖЧКсы тарабынан "Кош-Коргон айылындагы орто мектептин сырткы жылуулук трассасын орнотуу" объектиси боюнча иштердин наркынын **288,5** миң сомго жогорулатылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган «Кош-Коргон айылындагы орто мектептин сырткы жылуулук трассасын орнотуу "объектиси боюнча подрядчы "Максат Инжиниринг "ЖЧКсы тарабынан 288,5 миң сомго иштердин жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Н. Туйтенов жана Д. Кубанычбеков.

**Онбир-Жылга айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү, анын ичинде активдер, милдеттенмелер жана трансферттер менен 10 010,1 миң сом өлчөмүндө бекитилген, жыл ичинде 14 530,9 миң сомго такталган, иш жүзүндө 14 720,7 миң сомго аткарылган, же 101,3% аткарылган, же пландан ашыкча 189,8 миң сом түшкөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 9 288,0 миң сомго бекитилип, 13 421,0 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 12 553,8 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 11 527,4 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин “бюджет жөнүндө ченемдик укуктук актыга бюджеттик жылдын ичинде экиден ашык эмес өзгөртүүлөр киргизилиши мүмкүн: биринчиси - учурдагы бюджеттик жылдын 1-июнуна чейин, экинчиси - 1-ноябрына чейин”, деп белгиленген 115-беренесинин 4-бөлүгүнүн талаптарын бузуу менен, жергиликтүү бюджетке айылдык кеңештин токтомдору менен 6 жолу өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджетти бекитүүдө, өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренсинде белгиленген мөөнөттөр так сакталсын..

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 29-сентябрындагы № 626 «Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө» токтомунун 3-пунктуна ылайык, «ишканаларга, уюмдарга жана мекемелерге (бюджеттик мекемелерден тышкары) өткөрүлүп берүүчү депозиттик суммалар, үч жыл бою сакталат”. Бул жобонун 4-пунктунда “ушул жобонун 3-пунктунда белгиленгендер аяктагандан кийин депозиттик эсептин талап кылынбаган каражаттары мамлекеттик/муниципалдык мекеменин буйругу боюнча бул суммалар сакталган депозиттик эсептеги тийиштүү бюджет кирешесине которулууга тийиш”, деп белгиленген. Аудитте, депозиттик эсепте 3 жылдан ашык сакталган **86,4** миң сом бар экендиги аныкталган.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 29-сентябрындагы № 626 «Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө» токтомунун 4-пунктуна ылайык, 2019-жылдын 1-январына карата талап кылынбаган 86,4 миң сом тиешелүү бюджетке которулсун.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, бош кызмат орундарына кадрлардын резервинде турбаган 2 кызматкер кабыл алынган, аларга **295,0** миң сом суммасында эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго төлөмдөр 43,4 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, кызматкерлерди жумушка алууда, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренеси жетекчиликке алынсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы бузуу менен, 2022-жылдын аягына **716,3** миң сомго көмүрдүн нормативден ашыкча запастары эсептелген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманын талаптары так сакталсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 3-апрелиндеги №72 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамын 10-беренесин бузуу менен, мамлекеттик сатып алууларды ишке ашыруунун тиешелүү жол-жоболору сакталбастан, **336,5** миң сомго сатып алуулар жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, сатып алуу жол-жоболорун өткөрүүнү уюштуруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Чымылдаков К.

**Сайлык айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 8 627,3 миң сом суммасында бекитилип, 8 627,3 миң сомго такталган, иш жүзүндө түшүүлөр 11 035,9 миң сомду түзгөн, же план 127,9% аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 8 217,3 миң сомго бекитилип, 11 575,4 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 9 515,3 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 7 783,3 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, бош кызмат орундарына кадрлардын резервинде турбаган 2 кызматкер кабыл алынган, аларга **297,4** миң сом суммасында эмгек акы төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, кызматкерлерди жумушка алууда, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренеси жетекчиликке алынсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте жумуштардын наркынын жогорулатылгандыгы аныкталган:

- "Сайлык айылындагы тигүү цехин монтаждоо" объектиси боюнча подрядчы "ВОЛПС Кей Джи" ЖЧКсы тарабынан **98,3** миң сомго;
- "Сайлык айылындагы спорт комплексин оңдоо" объектиси боюнча подрядчы "Кыргыз Билд Компани" ЖЧКсы тарабынан **20,1** миң сомго;
- "Сайлык айылындагы ФАПтын имаратын капиталдык оңдоо" объектиси боюнча подрядчы "Аруу-Нур" ЖЧКсы тарабынан **12,5** миң сомго.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган жумуштардын жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн:

- "Сайлык айылындагы тигүү цехин монтаждоо" объектиси боюнча подрядчы "ВОЛПС Кей Джи" ЖЧКсы тарабынан 98,3 миң сомго;
- "Сайлык айылындагы спорт комплексин оңдоо" объектиси боюнча подрядчы "Кыргыз Билд Компани" ЖЧКсы тарабынан 20,1 миң сомго;
- "Сайлык айылындагы ФАПтын имаратын капиталдык оңдоо" объектиси боюнча подрядчы "Аруу-Нур" ЖЧКсы тарабынан 12,5 миң сомго.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Абдуллаев Ш. жана Кубанычбеков Д.

**Чүй айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү активдер, милдеттенмелер жана трансферттер менен бирге 48 184,4 миң сомго бекитилген, такталган план 57 172,8 миң сомду түзгөн, иш жүзүндөгү киреше 62 745,4 миң сомду түзгөн, же план 109,7% аткарылган, же пландан ашыкча 5 572,6 миң сом түшкөн. Жылдын башына карата акча каражаттарынын калдыгы 12 514,0 сом.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 42 684,4 миң сом суммасында бекитилген, жыл ичинде 64 526,8 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 56 034,8 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 28 210,1 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин “бюджет жөнүндө ченемдик укуктук актыга бюджеттик жылдын ичинде экиден ашык эмес өзгөртүүлөр киргизилиши мүмкүн: биринчиси - учурдагы бюджеттик жылдын 1-июнуна чейин, экинчиси - 1-ноябрына чейин”, деп белгиленген 115-беренесинин 4-бөлүгүнүн талаптарын бузуу менен, жергиликтүү бюджетке айылдык кеңештин 2022-жылдын 7-декабрындагы №20/9 жана №20/10 токтомдору менен өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген, же 2022-жылдын 1-ноябрынан кийин.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджетти бекитүүдө, өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренсинде белгиленген мөөнөттөр так сакталсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылга АЧЖМФ жерлеринин 63 ижарачысы менен 823,8 миң сомго ижара келишимдери түзүлгөн, ижара акысы боюнча дебитордук карыз 501,9 миң сомду түзгөн. Мында, АЧЖМФ жерлерин ижарага берүүдөн түшүүлөрдүн такталган пландык көрсөткүчү 2022-жылга 894,8 миң сом өлчөмүндө кабыл алынган, же бюджеттин киреше бөлүгү **430,9** миң сомго төмөндөтүлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, кирешелердин болгон булактарын толук эсепке албагандыктын натыйжасында, түшүүлөрдүн пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылга муниципалдык менчикте турган жерлердин ижарасы боюнча жалпы суммасы 1 125,7 миң сомго келишимдер түзүлгөн, ижара акысы боюнча дебитордук карыз 777,0 миң сомду түзгөн. Мында, бул булак боюнча түшүүлөрдүн такталган пландык көрсөткүчү 2022-жылга бардыгы 675,0 миң сом өлчөмүндө кабыл алынган, же бюджеттин киреше бөлүгү **1 227,**7 миң сомго төмөндөтүлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, кирешелердин болгон булактарын толук эсепке албагандыктын натыйжасында, түшүүлөрдүн пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун. Муниципалдык менчикте турган жерлерди ижарага берүү боюнча дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, бош кызмат ордуна кадрлардын резервинде турбаган кызматкер кабыл алынган, ага **109,5** миң сом суммасында эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго төлөмдөр 16,1 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, кызматкерлерди жумушка алууда, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренеси жетекчиликке алынсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы № 451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтомун бузуу менен, штаттык ырааттамага 8 штаттан ашыкча бирдиктер киргизилген (6 кварталдык комитеттердин төрагалары, мамлекеттик тил боюнча адис жана архивариус), аларга 2022-жылы **728,0** миң сом өлчөмүндө эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго төлөмдөр 107,1 миң сом.

**Сунуштама:**

Штаттык саны Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы № 451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтомунун талаптарына так шайкеш келтирилсин.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте жумуштардын наркынын жогорулагандыгы аныкталган:

- "Чүй айылындагы борбордук стадионду капиталдык оңдоо" объектиси боюнча подрядчы "Восток Энерго Строй" ЖЧКсы тарабынан **328,5** миң сомго;
- "Чүй айылындагы №1 орто мектебинин ажатканасын куруу" объектиси боюнча подрядчы "Заман Курулуш" ЖЧКсы тарабынан **53,6** миң сомго.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган жумуштардын жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн:

- "Чүй айылындагы борбордук стадионду капиталдык оңдоо" объектиси боюнча подрядчы "Восток Энерго Строй" ЖЧКсы тарабынан 328,5 миң сомго;
- "Чүй айылындагы №1 орто мектебинин ажатканасын куруу" объектиси боюнча подрядчы "Заман Курулуш" ЖЧКсы тарабынан 53,6 миң сомго.

**7. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 26-январындагы №30 «Жайыттар жөнүндө» Мыйзамынын 11-беренесин бузуу менен, жайыт комитети тарабынан жайыт жерлерин пайдалануу үчүн алынган акынын **29,0** миң сом суммасында 1/3 бөлүгү жергиликтүү бюджетке которулган эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн жайыт комитети тарабынан алынган кирешенин 1/3 бөлүгүн жергиликтүү бюджеттин кирешесине өз убагында которуу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 26-январындагы №30 «Жайыттар жөнүндө» Мыйзамынын 11-беренесинин талаптарын аткаруу камсыздалсын. Жайыт комитетинен мурда которулбаган 29,0 миң сом өндүрүлсүн.

**8. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 17-январындагы №1 «Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө» мыйзамынын 12-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, айыл аймактарындагы электр энергиясына чыгымдар республикалык бюджеттен жергиликтүү мамлекеттик администрациялар аркылуу "электр энергиясын керектөөнүн бекитилген ченемине ылайык" каржыланат. Аны менен бирге, жогоруда аталган мыйзамды бузуу менен, бекитилген ченемден ашыкча керектелген 45,7 миң кВт/саат электр энергиясына жергиликтүү бюджеттен **115,6** миң сом суммасына төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттик каражаттарды рационалдуу жана натыйжалуу пайдалануу максатында электр энергиясын керектөөгө бекитилген ченемдер так сактасын.

**9. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023--жылдын 1-июнундагы №49 келишим боюнча Чүй райондук өнүктүрүү фондунун каражаттарына сатып алынган негизги каражаттар: наркы 137,8 миң сомдук квадрокоптер (дрон) жана 47,5 миң сомдук ноутбук, жалпы суммасы **185,3** миң сом, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Чүй облустук башкармалыгынын ыкчам башкаруусуна өткөрүлүп берилген, башкача айтканда, сатып алынган жана рационалдуу эмес пайдаланылган.

**Сунуштама**

Мындан ары, бюджеттик каражаттарды рационалдуу эмес пайдаланууга жол берилбесин.

**10. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы бузуу менен, 2022-жылдын аягына **365,9** миң сомго көмүрдүн жана **1 494,8** миң сомго эсептеги каражаттардын (дебитордук жана кредитордук карыздардын айырмасы) нормативден ашыкча запастары аныкталган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманын талаптары так сакталсын.

**11. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын “сатып алуучу уюмдун/Агенттин жетекчиси сатып алуулар жөнүндө контрактты башкаруу үчүн бөлүмдү/адамды түзөт же дайындайт”, деп белгиленген 9-беренесинин 6-бөлүгүнүн 21-пунктун бузуу менен, контрактты башкаруу үчүн жооптуу адам дайындалган эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, сатып алуу жол-жоболорун өткөрүүнү уюштуруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын талаптары так сакталсын.

**12. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Автомобилдерге жол барактары толтурулган, автомобилдердин спидометрлеринин бузуктугуна байланыштуу, басып өткөн километраж көрсөтүлгөн эмес, буга байланыштуу, КММдин чыгымдалышынын негиздүүлүгүн жана тууралыгын аныктоо мүмкүн болгон жок.

**Сунуштама:**

Автомобилдердин спидометрлерин оң абалга келтирүү боюнча зарыл чаралар көрүлсүн. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигининин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун талаптары так аткарылсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Байбосунов С. жана Кубанычбеков Д.

**Шамшы айыл өкмөтү**

2022-жылга жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү активдер жана милдеттенмелер менен 6 122,8 миң сомго бекитилип, 8 932,1 миң сомго такталган, иш жүзүндө 9 385,1 миң сомго аткарылган, же план 105,1% аткарылган, пландан ашыкча 453,0 мин сом түшкөн.

Жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгү 5 456,6 миң сомго бекитилген, такталган план 8 245,9 миң сомду түзгөн, кассалык чыгашалар 8 091,9 миң сомго, иш жүзүндөгү чыгашалар 7 188,7 миң сомго жүргүзүлгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин "бюджет жөнүндө ченемдик укуктук актыга бюджеттик жылдын ичинде экиден ашык эмес өзгөртүүлөр киргизилиши мүмкүн: биринчиси - учурдагы бюджеттик жылдын 1-июнуна чейин, экинчиси - 1-ноябрына чейин", деп белгиленген 115-беренесинин 4-бөлүгүнүн талаптарын бузуу менен, жергиликтүү бюджетке айылдык кеңештин 2022-жылдын 29-декабрындагы токтому менен өзгөртүүлөр киргизилген, же 2022-жылдын 1-ноябрынан кийин.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджетти бекитүүдө, өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренсинде белгиленген мөөнөттөр так сакталсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылга бюджеттин АЧЖМФ жерлеринин 65 ижарачылары менен 330,9 миң сомго келишим түзүлгөн, ошондой эле, ижара акысы боюнча дебитордук карыздар 325,6 миң сомду түзгөн. Мында, 2022-жылга АЧЖМФ жерлеринин ижарасынан түшүүлөрдүн пландык көрсөткүчү 330,6 миң сомго өлчөмүндө кабыл алынган, бюджеттин киреше бөлүгү **325,9** миң сомго төмөндөтүлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, кирешелердин болгон булактарын толук эсепке албагандыктын натыйжасында, түшүүлөрдүн пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, бош кызмат ордуна кадрлардын резервинде турбаган 5 кызматкер кабыл алынган, аларга **681,5** миң сом суммасында эмгек акы негизсиз төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго төлөмдөр 100,3 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, кызматкерлерди жумушка алууда, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренеси жетекчиликке алынсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте подрядчы "Аман Строй" ЖЧКсы тарабынан "Кош-Кашат айылында кичи футбол аянтчасын куруу" объектиси боюнча иштердин наркынын **29,6** миң сомго жогорулатылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган «Кош-Кашат айылында кичи-футбол аянтчасын куруу "объектиси боюнча подрядчы "Аман Строй "ЖЧКсы тарабынан 29,6 миң сомго жумуштардын жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы

бузуу менен, 2022-жылдын аягына **202,4** миң сомго көмүрдүн нормативден ашыкча запастары эсептелген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманын талаптары так сакталсын.

6. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын "сатып алуучу уюмдун/Агенттин жетекчиси сатып алуулар жөнүндө контрактты башкаруу үчүн бөлүмдү/адамды түзөт же дайындайт", деп белгиленген 9-беренесинин 6-бөлүгүнүн 21-пунктун бузуу менен, контрактты башкаруу үчүн жооптуу адам дайындалган эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, сатып алуу жол-жоболорун өткөрүүнү уюштуруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Байбосунов С. жана Кубанычбеков Д.

**Корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудиттерде төмөндө көрсөтүлгөн объекттердин бюджеттеринин түзүлүшү жана аткарылышы бардык олуттуу аспектилеринде мыйзамдардын талаптарына шайкеш келгендиги аныкталды:

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Чүй башкармалыгы (аудит жүргузгөн мамлекеттик инспектор Байбосунов С.), Чүй айыл өкмөтүнүн "Чүй Суу канал" муниципалдык ишканасы (аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Кайымов Б.).

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн жетекчиси** **А.Б. Туркбаев**

Аткарган: мамлекеттик инспектор Байбосунов С., тел.+996(312)623518